**Макулдашылды**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар кенеши
Протокол №_5_

“_05_” _03_ 2026-жыл

**Бекитем**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
______________________

“_07_” _03_ 2026-жыл

# Б. Осмонов атындагы “Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси” Илимий-изилдөө иши (ИИИ) жөнүндө ЖОБО

**Манас, 2026 -жыл**

**ЖАМУнун илимий-изилдөө иши (ИИИ) жөнүндө**

**ЖОБО**

**1.** ИИИ жөнүндө жобо университеттин негизги ишмердүүлүк багыттарынын бири болуп саналат. ЖАМУ ИИИни уюштурууда Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын, ЖАМУнун Уставын, Жоболорду жана билим берүү тармагындагы башка ченемдик-укуктук актыларды жетекчиликке алат. ЖАМУ ИИИни Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, жогорку окуу жайлары, илимий уюмдар жана коомдук бирикмелер менен өз ара аракеттенүү аркылуу жүзөгө ашырат.

**2. Университеттин илимий ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү милдеттери:**

- студенттердин, аспиранттардын жана докторанттардын илимий-изилдөө иштерин уюштурууга көмөктөшүү;
- окутуучулар курамын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу;
- жогорку окуу жайдын басма ишмердүүлүгүн өркүндөтүү;
- кафедралардын жана институттардын билим берүү органдары жана республиканын ар кандай окуу жайлары менен байланыштарын координациялоо;
- эл аралык кызматташтыкты чыңдоо;
- жогорку кесиптик билим берүү маселелерин изилдөө боюнча ИИИни уюштуруу жана профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) изилдөө ишин координациялоо;
- студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө болгон кызыгуусун, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- дүйнөнү таанууга, процесстердин жана кубулуштардын маңызын (илим, искусство, техника, жаратылыш, коом ж.б.) түшүнүүгө болгон кызыгууну өнүктүрүү;
- кесипти аң-сезимдүү тандоого, ошондой эле кесиптик жана социалдык

адаптацияга көмөктөшүү.

**3. Университеттин илимий ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары**

**3.1** Профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу

*3.1.1. Окутуучулардын илимий-изилдөө иштеринин негизги милдеттери:*

- фундаменталдык жана прикладдык илимдер тармагындагы актуалдуу маселелерди изилдөө;

- изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жогорку окуу жайдын практикалык ишине жана ишканалардын, уюмдардын өндүрүштүк процесстерине киргизүү;

- профессордук-окутуучулук кадрлардын илимий квалификациясын жогорулатуу;

- студенттер арасында илимий билимдерди жайылтуу;

- университеттин жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн алдыңкы илимий борборлору жана жогорку окуу жайлары менен байланыштарын чыңдоо.

*3.1.2. ИИИнин артыкчылыктуу багыттары:*

-эң маанилүү илимий багыттарды иштеп чыгууну өркүндөтүү, профессордук-окутуучулук курамдын изилдөө тематикасын адистерди даярдоо профилине максималдуу жакындатуу жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын окуу процессинде кеңири пайдалануу;

-ректордук курамдын, кафедра башчыларынын окутуучуларды ИИИни аткарууга тартуу боюнча ишмердүүлүгүн активдештирүү;

-жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иштерди улантуу (илимий жана окуу адабияттарын чыгаруу ж.б.);

-университет кафедралары тарабынан өткөрүлгөн илимий-практикалык конференциялардын илим жана практика үчүн маанисин жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн ири илимий борборлору жана

жогорку окуу жайлары менен байланышты күчөтүү;

-окутуучулардын эл аралык, республикалык симпозиумдарга, конференцияларга жана сынактарга катышуусун кеңейтүү;

-жаңы илимий мектептерди түзүү жана иштеп жаткандарын өркүндөтүү;

-жогорку кесиптик билим берүүнү андан ары өнүктүрүүгө багытталган фундаменталдык жана прикладдык илимий-педагогикалык изилдөөлөрдү уюштуруу;

-алынган жыйынтыктарды билим берүү процессинде пайдалануу;

-жогорку илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого жана профессордук-окутуучулук курамдын илимий квалификациясын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;

-студенттерди илимий жана техникалык маселелерди коюу жана чечүү менен практикалык тааныштыруу, ошондой эле алардын ичинен эң жөндөмдүүлөрүн илимий изилдөөлөрдү аткарууга тартуу.

*3.1.3. ИИИнин уюштуруу формалары*

Окутуучулардын илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун жана анын жыйынтыктарын чыгаруунун негизги формалары болуп төмөнкүлөр саналат:

-окутуучулардын илимий-изилдөө лабораторияларынын иштерине, илимий-практикалык конференцияларга, симпозиумдарга, семинарларга, «илим күндөрүнө» ж.б. катышуусу;

-монографияларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын басып чыгаруу, илимий эмгектер жыйнактарын даярдоо ж.б.;

-илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын кесиптик билим берүү мекемесинин окуу-тарбия процессинде колдонуу;

-басма сөздө, радио жана телекөрсөтүүдө жана башка маалымат каражаттарында чыгып сүйлөөлөр жана жарыялоолор.

## 3.2 Студенттердин илимий-изилдөө иштерин (СИИИ) уюштуруу

*3.2.1. СИИИнин милдеттери:*

3.2.1.1. келечектеги филологдордо, педагогдордо, информатиктерде,

лингвисттерде, юристтерде, дарыгерлерде, экономисттерде ж.б. изденүүчүлүк жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө болгон кызыгууну, ошондой эле кесиптик милдеттерди чыгармачылык менен чечүү жөндөмүн өнүктүрүү;

3.2.1.2. алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө практикалык милдеттерди аткаруу үчүн изилдөө ыкмаларын колдонуу боюнча билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу;

3.2.1.3. эң жөндөмдүү жана жакшы окуган студенттердин ичинен жогорку окуу жайлардын келечектеги окутуучуларын жана изилдөөчүлөрүн тарбиялоо;

3.2.1.4. студенттердин илимий-изилдөө иштеринин (СИИИ) натыйжалуулугун жогорулатуу, анын масштабын кеңейтүү жана университеттин бүтүрүүчү кафедраларынын пландуу иши менен жакындаштыруу.

*3.2.2 СИИИни уюштуруунун принциптери:*

3.2.2.1 илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмаларын жана техникасын үйрөнүү жана өздөштүрүүнүн ырааттуулугу;

3.2.2.2 өздөштүрүлгөн ыкмаларды жана техниканы практикалык иштерде колдонуу тартиби;

3.2.2.3 студенттер тартылган илимий ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн жана формаларынын кыйынчылык деңгээлин логикалык түрдө жогорулатуу;

3.2.2.4 студенттердин окуу мезгилиндеги илимий ишмердүүлүгүнүн билим берүү процессинин этаптары жана деңгээлдери боюнча үзгүлтүксүздүгү (преемственность);

3.2.2.5 студенттердин илимий ишмердүүлүгүнүн комплекстүү системасын ишке ашырууга жогорку окуу жайдын көпчүлүк кызмат адамдарынын жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн милдеттүү катышуусу.

*3.2.3 Студенттердин илимий ишмердүүлүккө катышуу формалары жана түрлөрү:*

3.2.3.1 окуу пландарына киргизилген СИИИ (курстук, дипломдук жана магистрдик иштерди даярдоо ж.б.);

3.2.3.2 окуу планынан тышкары аткарылуучу СИИИ (студенттик илимий кружокторго жана проблемалык топторго катышуу, илимий адабияттарга обзор түзүү, рефераттар жана докладдарды даярдоо, аннотациялар жана эсселерди жазуу, илимий макалаларды рефераттоо, билдирүүлөрдүн тезистерин түзүү, докладдар менен чыгуу, илимий макалаларды жарыялоо, ИИИни аткарууга катышуу ж.б.);

3.2.3.3 СИИИ системасынын массалык иш-чаралары (студенттик илимий конференциялар, олимпиадалар, семинарлар, «илим күндөрү», көргөзмөлөр, талкуулар, диспуттар ж.б.);

3.2.3.4 СИИИсистемасынын мелдештик иш-чаралары (студенттик олимпиадалар, конкурстар ж.б.).

## 4. ИИИни пландаштыруу жана контролдоо

**4.1** Профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) илимий-изилдөө иштери кафедра жыйындарында, окумуштуулар кеңешинде жыл сайын каралып, ректор тарабынан бекитилген планга ылайык аткарылат.

**4.2** Жогорку окуу жайында илимий-изилдөө иштери профессорлор, доценттер, окутуучулар жана студенттер тарабынан жүргүзүлөт.

**4.3** Университет боюнча ИИИ жана СИИИнин сапаты жана аткаруу мөөнөттөрү үчүн илим жана инновация боюнча проректор жооп берет. Кафедранын илимий-изилдөө планынын аткарылышы үчүн тиешелүү түрдө кафедра башчысы жооптуу. Кафедра башчылары окутуучулардын жана студенттердин ИИИ боюнча жылдык отчетторун жыл сайын тапшырышат.

**4.4** Илим жана инновация боюнча проректор жана кафедра башчылары кафедра окутуучуларынын отчетторун талкуулоо аркылуу ИИИ пландарынын аткарылышын текшерүүнү уюштурушат.

**4.5** Университеттин ИИИ жана СИИИ боюнча жылдык отчету окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитилет. Окутуучулардын илимий-изилдөө иштери жалпы жамааттын менчиги болуп саналат. Материалдар кафедрада жана университеттин окуу-методикалык бөлүмүндө сакталат.

**4.6** Ар бир окутуучу аткарылган илимий-изилдөө иши боюнча жыл сайын окуу жылынын аягында кафедра жыйынында отчет берет.

**4.7** Студенттердин илимий-изилдөө иши ЖАМУнун максаттарына жана милдеттерине, ошондой эле студенттердин жеке кызыкчылыктарына, муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык пландаштырылат жана жүргүзүлөт.

**4.8** Студенттердин илимий жетекчилери болуп жогорку окуу жайдын окутуучулары саналат.

**4.9** Студенттин илимий-изилдөө ишинин багыты жана мазмуну студент менен илимий жетекчинин ортосунда биргелешип аныкталат. Теманы тандоодо билим берүү мекемесинин өнүгүү стратегиясынын артыкчылыктуу багыттары, ошондой эле студенттин жана окутуучунун жеке кызыкчылыктары эске алынышы мүмкүн. Тема кафедра башчысы жана кафедра мүчөлөрү менен макулдашуу аркылуу илимий жетекчи тарабынан бекитилет.

**4.10** Илимий жетекчи студентке изилдөөнү пландаштыруу, методика, оформление жана жыйынтыктарды сунуштоо маселелери боюнча консультация берет.

**4.11** Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин отчеттук формаларына төмөнкүлөр кирет: рефе340ативдик билдирүүлөр, докладдар, макалалар, стенддик отчеттор, компьютердик программалар, видеоматериалдар, макеттер ж.б.

**4.12** Студенттердин мыкты иштери (студенттик илимий коомдун чечими боюнча) дипломдор, баалуу белектер менен сыйланышы мүмкүн, ошондой эле республикалык жана эл аралык деңгээлдеги конференцияларга сунушталышы, конкурстарга жана олимпиадаларга жөнөтүлүшү мүмкүн.

## 5. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн критерийлери

Тандалып алынган изилдөөнүн актуалдуулугу. Автордун көйгөйдүн заманбап абалы менен тааныштыгын чагылдырган маселени сапаттуу талдоо.

Белгилүү жыйынтыктарды, фактыларды жана окуу программасынан тышкары билимдерди колдоно билүү жөндөмү;

Автордун атайын жана илимий терминологияны өздөштүрүүсү. Өз көз карашын так формулировкалоо жана аргументтөө. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси. Изилдөөнү жыйынтыктаган тыянактардын тактыгы. Изилдөөнүн жыйынтыктарын туура жана сабаттуу тариздөө жана коргоо.

## 6. Басма ишмердүүлүгүн уюштуруу:

- негизги кесиптик билим берүү программаларына ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген окуу жана методикалык адабияттарды басып чыгарууну уюштуруу жана ишке ашыруу;
- жогорку окуу жайдын ишмердүүлүгүн камсыз кылуу максатында кызматтык документтерди, бланк продукцияларын, илимий адабияттарды жана башка басылмаларды чыгаруу;
- белгиленген тартипте адабияттарды чыгаруунун жылдык тематикалык пландарын түзүү;
- профессордук-окутуучулук курам тарабынан даярдалган адабияттарды чыгарууга редакциялык жана өндүрүштүк-басма даярдык иштерин жүргүзүү;
- жогорку турган уюмдарга, ректордук курамга жана окумуштуулар кеңешине материалдарды даярдоо;
- басылып чыгарылган адабияттардын сапатын, анын ичинде полиграфиялык аткарылыш сапатын көзөмөлдөөнү уюштуруу;
- белгиленген тартипте басма ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын эсепке алуу.

**7. Окутуучуларды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу**

- илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо системасын өнүктүрүү стратегиясын колдоо жана алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- кафедраларды жетектөөдө профессорлордун, илимдин кандидаттарынын жана докторлорунун үлүшүн көбөйтүү;
- окутуучулардын илимий өсүшү, квалификациясын жогорулатуу жана өз убагында кайра даярдоосу үчүн шарттарды түзүү;
- окуу процессин жогорку деңгээлде жүргүзүүгө, илимий изилдөөлөрдү аткарууга, жаңы технологияларды жана маалыматтык системаларды өздөштүрүүгө, студенттерди тарбиялоого жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого жөндөмдүү таланттуу адистерди жогорку окуу жайга тартуу;
- жаш адистер менен алардын кесиптик адаптациясы жана кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу.

**8. Эл аралык кызматташтык:**

- айрым окутуучулардын, кафедралардын жана университеттин жалпы эл аралык байланыштарын андан ары чыңдоо;
- жогорку окуу жайдын окутуучулары үчүн чет өлкөлөрдө илимий стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүктөрүн издөө;
- чет өлкөлүк жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн жана окутуучуларын студенттерге сабак өтүүгө чакыруу;
- студенттерди эл аралык спорттук мелдештерге жөнөтүү, эл аралык студенттик универсиадаларга, олимпиадаларга ж.б. катышууга резерв даярдоо;
- ар кандай чет өлкөлүк ведомстволор, фонддор, мекемелер жана уюмдар тарабынан өткөрүлгөн программалык сынактарга катышуу.